КАРАЛДЫ:
Педагогикалык кеңешменин
№ 11 протоколунда
29.08.2018

БЕКИТЕМИН:
№7 ОМ директору
_______ Ч.Бердалиев
29.08.2018

**№7 жалпы орто билим беруу мектебинин мугалимдеринин өз билимин өнуктүруү темасынын үстүндө иштөөсү боюнча жобосу**

## 1.Жалпы жобо.

1.1.Бул жобо мугалимдердин өз билимин өркундөтүүсүн жөнгө салуучу ,квалификациясын жогорулатуучу иштин бир формасы болуп эсептелет.

1.2.Мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү темасынын үстүндө иштөөсү зарыл болуп эсептелет.

1.3.Эгерде мугалим эки же андан көп предмет боюнча сабак бере турган болсо,өз билимин өркундөтүү темасы ар бир иш аракетинин түрүнө жараша аныкталат.

## 2.Максаты:

Мугалимдин кесиптик деңгээлин системалуу жогорулатуу.

### 2.1.Милдеттери:

- Мектептеги мугалимдердин педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүү;
- Окуучуларды окутууда жана тарбиялоодо усулдардын жана ыкмалардын жаңы формаларын үйронүү
- Педагогикалык,психологиялык жана башка кесиптик билимдердин,педагогикалык технологиялардын жетишкендиктерин,алдыңкы педагогикалык тажрыйбаларды үйрөнүү жана практикалап жайылтуу.

## 3. Өз билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөнүн тартиби:

3.1.Өз билимин өнүктүрүүнүн темасы төмөнкүлөрдүн негизинде аныкталат

Өз билимин өркүндөтүү темасы мектептин бирдиктүү методикалык темасынын негегизинде аныкталат.

- **М**ектеп үчүн теманын актуалдуулугу;
- Мектептин методикалык темасы;
- Мугалимдердин көйгөйү;
- Мугалимдердин кесипкөй компетенттүүлүк деңгээли
- Алардын жеке өзгөчөлүктөрү жана кызыкчылыктары;

- Теманын үстүндө иштөө мугалим тарабынан 2 жылдан 7жылга чейин жекече аныкталат.
  Ар бир мугалим өз билимин өркүндөтүү темасы боюнча жеке планын иштеп чыгат.
- Өз билимин өркүндөтүү боюнча иштеп чыккан материалдар боюнча ишин көрсөтөт.
- Ишти көрсөтүүнүн формалары төмөндөгүдөй болушу мүмкүн.

-Педагогикалык кеңешмеде,методикалык кеңешмеде, УБ кеңешмесинде отчёт берет
- теориялык , методикалык же практикалык семинар;
- тренингдер;
- мастер - класс;
- ачык сабактар.
-Методикалык көрсөтмөлөр
-Илимий –методикалык иштелмелер,
-Дидактикалык материялдар
-Докладдар
3.2Мектептеги МУБдун жетекчиси жана УБ жетекчиси мугалимдин методикалык темасынын үстүндө иштөөнү ишке ашыруусуна көмөк көрсөтүп жөнгө салып,методикалык жактан жардам көрсөтөт..
3.3. Иштелип чыккан материялдар ,башка мугалимдер колдонушу үчүн методикалык кабинетке тапшырылат.
3.4. Мугалимдин иш тажрыйбасын жайылтуу
3.5.Жобо тиркемелер менен тиркелет:
а) *Өз билимин өркүндөтүү боюнча мугалимдин болжолдуу планы(тиркеме)*
б) Өз билимин өркүндөтүү боюнча болжолдуу отчёттун планы(тиркеме)

- в) Өз билимин өркүндөтүү папкасынын болжолдуу мазмуну(тиркеме) Окуучулардын билим деңгээлин аныктоо максатында тест борборлору менен келишимдик мамилелерди түзүү.
- Жыл ичинде предметтер боюнча начар өздөштүргөн окуучуларды аныктоо жана алар менен иштөөнү уюштуруу.
- Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн мугалимдердин методикалык деңгээлин көтөрүүгө шарттарды түзүү. (мугалимдердин билимин жогорулатуу, теориялык ,практикалык,үйрөтүүчү семинарларды, пед окууларды ,тренингдерди уюштуруу)
  Мугалимдин өз билимин өркүндөтүүсү боюнча болжолдуу иш планы

**Этаптары боюнча**

1.1-2жылы . Диагноздоо –изилдөө.
2. 3-4жылы .Суроолорду жана теорияларды үйрөнүү жана изилдөө.
3. 4--5жылы Практикалык изилдөө колдонуу
4. 6-7жылы Жыйынтыктоо ,жайылтуу .

Мазмуну

- Кабыл алган теманын үстүндө иштөөсү
- үчүн мугалимдердин даярдык денгээлин аныктоо тактоо.
- А) анкета жүргүзүү.
- Б) диагноздоо.
- В) жекече ангемелешүү
- Г) иш кагаздарын үйрөнүү
- Д) Сабактарга катышуу
- Ж)Мониторинг
- З) кабинет жабдуу

Өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштөөнү ишке ашыруу боюнча отчёттун болжолдуу планы

- **Практикалык этаптын иш чарасын ишке ашыруу** .

- 1.Теманы негиздөө.
- Максаты ,милдети жана мөөнөтү
- 3.Алынган тажрыйба боюнча көйгөйдү чечүүнүн жолдорун анализдөө

- 4.Педагогдун проблемасын чечүүдө кандай конкреттүү шарттар каралат
- Иштин жыйынтыгында кандай жыйынтык көргөзө алат жана аны кандай формада көрсотөт.

- **4. Башкаруунун жана контролдоону уюштуруу**

- 4.1.Мугалимдердин оз билимин өркундөтүү процессине мектеп администрациясы жана методикалык кеңеш көзөмөлдөйт жана демилгелейт.
- 4.2.Окуужылынын башында мугалимдердин өз билимин өркүндөтүү темасы жана жеке планы МУБдун жетекчисине көрсөтүлөт.
- 4.3Ар бир этап бүткөндөн кийин мугалимдер оз билимин өркүндөтүү темасы боюнча иштегенишин ,тандаган формасы боюнча көрсөтө алат.
- 4.4Окуу жылынын аягында методикалык кенеш мугалимдердин өзь билимин өркүндөтүүсу боюнча кезектеги кеңешмеде жыйынтык чыгарат.
- 4.5.Мугалимдердин иштеп чыккан сабактарынын иштелмелери , материялдары мектептин сайтына жайгаштырылат жана аны бардык кызыккан мугалимдер үчүн таанышууга жана колдонууга мүмкүнчүлук түзөт.
- 4.5. методикалык кнш жыл сайын педагогикалык кызматкерлердин өз билимин өркүндөтүүсү боюнча иш аракеттердин мониторингин түзөт.Тиркеме

- **5. Педагогикалык кызматкерлердин укугу ,милдети жана жоопкерчилиги**

**Укугу**

5.1. педагогикалык кызматкерлер оз билимин өркүндөтүү темасы боюнча иш аракеттерин ишке ашырууда төмөнкүлөргө укуктуу.

Билим берүү системасынын бардык деңгээлде уюштурган иш чараларына катышууга укуктуу.

Өз билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөнүн темасын тандоо жана анын жыйынтыгынын формасын тандоого укуктуу

**Милдети жана жоопкерчилиги:**

Өз билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөөүн планын иштеп чыгып мектеп администрациясына көрсөтүүгө жана анын үстүнөн иштөөгө милдеттүү жана жоопкерчиликтүү.

Мектеп тарабынан уюштурулган өз билимин өнүктүрүүнүн үстүндө иштөө боюнча иш чараларга катышууга милдеттүү жана жоопкерчиликтүү.

Ө з билимин өркүндөтүүнүн үстүндө иштөөнүн болжолдуу планы жобого тиркеме

| к/н | Этап | иштин музмуну | мөөнөтү |
|---|---|---|---|
| 1 | 1-этап<br>Проблеманы тактоо , даярдоо диагноздоо этабы Диагноздоо –изилдөө | Коюлган кыйынчылыкты ,көйгөйдү анализдөө<br>Тема боюнча иштөөнүн максат жана милдеттерин аныктоо | 2018-2020-жыл<br>1-2-жылы |
| | 2-этап<br>Суроолорду жана теорияларды үйрөнүү жана изилдөө. | Көйгөй боюнча алдыңкы тажрыйбалар жөнүндө адабияттарды үйрөнүү.<br>Көйгөйдү чечүүгө багытталган болжолдуу жыйынтыктардын иш чарасынын системасын иштеп чыгуу. | 2020-2022-жыл<br>3-4-жылы |
| | 3-этап<br>Негизги этап .Практикалык изилдөө , колдонуу | Проблеманы чечүүго багытталган иш чараларды практикада колдонуу жана мектеп ичинде жайылтуу | 2022-2024-жыл |
| | 4-этап<br>Жыйынтыктоочу | Өз билимин өрүндөтүү темасы боюнча иштин | 2025-2026-жыл |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | Жыйынтыгын баалоо жана жайылтуу | жыйынтыгы боюнча тажрыйба алмашуу.Мугалимдин озүнүн тажрыйбасын көрсотүү менен педагогикалык андан аркы иш аракетинде башкаларга жайылтуу. | |

## Өз билимин өркүндөтүү боюнча жыйынтык отчёту

1.Кызматы: ________________________

2.Аты ,жөнү:________________________________________________________________

3.Билими:_______________________________________________________________________

4.Диплом боюнча кесиби:____________________________________________________

5.Өз билимин өркүндөтүү курсунан качан ,жана кайда өткөн:________________________

_______________________________________________________________________________

6.Мектептин методикалык темасы:_______________________________________________

_______________________________________________________________________________

7.Өз билимин өркүндөтүү темасы:____________________________________________

_______________________________________________________________________________

8.Тема менен иштөө качан башталган:________________________________________

9. Тема менен иштөө качан бүтөт:____________________________________________

10.Өз билимин өркүндөтүү темасынын максаты:__________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

11. Өз билимин өркүндөтүү темасынын милдети:________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

12.Үйрөнүү үчүн негизги суроолор:____________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

13.кандай жыйынтык чыгат:_____________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

14. Жыйынтыкты көргөзүүнүн формасы: - теориялык , методикалык же практикалык семинар;- тренингдер;- мастер - класс;- ачык сабактар.-Методикалык көрсөтмөлөр,-Илимий –методикалык иштелмелер,-Дидактикалык материялдар,-Докладдар Мониторинг,презентация, көргөзмө

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

_______________________________________________________________________________

## Жалпы педагогикалык кызматкерлердин өз билимин өркүндөтүүсү боюнча иш аракеттердин мониторингинин болжолдуу отчёту.

| к/н | Аты ,жөнү | кызматы | Өз билимин өркүндөтүү темасы | тема боюнча иштин мөөнөтү | Отчёттун формасы | Мугалимдердин ишинин озгөрүшү жана динамикасынын жыйынтыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|

Өз билимин өркүндөтүү боюнча жобо менен тааныштым: